КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ФИНАНСЫ-ЮРИДИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ

“Бухгалтердик эсеп жана салык” кафедрасынын
2018-2022-жылдарга өнүгүүсүнүн

# ПЕРСПЕКТИВДҮҮ ПЛАНЫ

Ош-2018

«БЕКИТЕМИН»
ФЮКтун директору, доцент
Т.А. Акматова ____________
«__19__» __11__ 2018-ж

**Бухгалтердик эсеп жана салык кафедрасынын 2018-2022-жылдарга өнүгүүсүнүн перспективдүү планы.**

Перспективдүү план ОшМУнун 2011-2015- жылга чейинки өнүгүү концепциясы, “Ош декларациясы” жана Финансы-юридикалык коллежинин 2013-2018-жылдарга коллеждин өнүгүүсү боюнча перспективдүү планынын негизинде түзүлдү.

**Кафедранын максаты:**

Кафедрага тиешелүү болгон “Экономика жана бухгалтердик эсеп”, “Салык жана салык салуу” адистиктеринин студенттерин компетенттүү, мыкты адис кылып даярдоонун жолдорун аныктоо.

**Кафедранын милдеттери:**

1. Окутуунун, тарбиялоонун формасын, методдорун жана мазмуундарын өркүндөтүү;
2. Кафедра мүчөлөрүнүн методикалык, илимий ишмердүүлүк компетенттүүлүгүн күчөтүү;
3. Адистиктерге тиешелүү атайын лабораториялык кааналарды уюштуруу;
4. Практикалык иштерди күчөтүү максатында өндүрүштүк кызматкерлер менен байланышта иш алып баруу.
5. Жамааттын иштөөсү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү жана алардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүү.

**Кафедранын негизги багыттары:**

1. Негизги кесиптик билим берүү программаларын ийгиликтүү иш жүзүнө ашыруу жолдорун аныктоодо методикалык багытты өнүктүрүү;
2. Кафедра мүчөлөрүнүн билимдерин өркүндөтүүнү уюштурууга катышуу;
3. Окутулуп жаткан предметтердин маани-маңызын студенттерге жеткиликтүү алып барууда заманбап технологияларды жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды пайдалануу;

4. Ички жана сырткы байланыштарды кеңейтүү, Ош декларациясынын алкагында мобилдүүлүктү ишке ашыруу;

5. Сабактан сырткаркы предметтик жана илимий-ийримдерди уюштуруу.

## 1. Окуу процессинде аткарыла турган жумуштар.

1.1. Окуу процессин КРдин Билим берүү мыйзамдарынын талабына ылайык сапаттуу уюштуруу. Бул иштин негизин окуу программаларын кызыктар тараптардын (студенттер, ата-энелер, окутуучулар, жумуш берүүчүлөр) сунуштарын эске алуу менен иштеп чыгуу түзөт. Лекциялык, семинардык сабактарды өтүүдө акыркы заманбап маалымат технологияларды пайдалануу.

1.2. Окутуунун заманбап методдорун пайдаланууда окутуучулардын компетенттүүлүгүн күчөтүү.

1.3. Окуулуктарды, окуу куралдарын мамлекеттик тилде, электрондук версиясы менен коллеждин студенттери үчүн даярдоо.

1.4. Методикалык иштерди жүргүзүүдө компетенттүүлүк мамилесин жаратууда чыгармачыл окутуучулардын группасын түзүү.

1.5. Окуу методикалык комплекстерди (ОМК) ар бир предмет боюнча кыргыз, орус тилинде (бюлл. № 19 боюнча) түзүп чыгуу.

1.6. 2022-жылга кафедранын адистиктерин ККАдон өткөрүүгө даярдоо;

1.7. Окуу процессин сапаттуу уюштурууда деканат, кураторлор ата-энелер менен тыгыз, үзгүлтүксүз иш алып баруу.

## 2. Илим изилдөө иштери:

2.1. Окутуучулардын илимий потенциалын жогорулатуу максатында, университеттин магистратура, аспирантура бөлүмдөрүнө тапшыруу (жыйынтыгында магистрдик, кандидаттык иштерди коргоо);

2.2. Кафедранын илимий багытын аныктоо жана анын жыйынтыгын жыл сайын чыгарып туруу;

2.3. Окутуучулардын илимий изилдөө иштерин жүргүзүүгө шарт жаратуу;

2.4. Илимий изилдөө иштери үчүн компьютердик жана лабораториялык базаларды түзүү;

2.5. Университеттеги жана андан сырткаркы уюштурулган илимий конференцияларга катышуу;

2.6. Студенттерди илимий изилдөө иштерине тартуу менен “Жаш бухгалтер”, “Жаш салыкчы” ийримдерин түзүү;

2.7. Жылына уюштурулуучу “Илим жумалыгына” активдүү катышуу.

2.8. Студенттердин өз алдынча иштеринин сапатын жогорулатуу;

2.9. Окутуучулардын жана студенттердин илимий эмгектерин басмаканадан чыгаруу;

## 3. **Тарбиялык иштер.**

3.1. Студенттерге татыктуу билим, тарбия берүү максатында окуу жыл ичинде төмөнкү тематикаларда иш-чараларды өткөрүү:

- Ыйман, адеп жана ахлак;
- Сылыктык жана толеранттуулук;
- Табият менен таттуу мамиледе болуу.
- Кутмандуу каарыларым
- Спорт ден-соолуктун булагы;
- Патриоттуулук деген эмне?
- Улут болсом тилим менен улутмун
- 3-апрель "Бухгалтерлердин кесиптик майрамы"
- Жүрүм-турум этикалары
- Ааламдын көркү аялзат;
- Нооруз –көктөм майрамы;
- Жаз, Жаштык, Сүйүү;
- Конфиликти талдоо жана башкаруу ж.б.

3.2. Шаар, Университет, коллеж тарабынан уюштурулган коомдук-маданий- массалык иштерге активдүү катышуу;

3.3. Адистиктердеги балдар жана кыздар кеңешмесин түзүп иш алып баруу;

3.4. Кураторлук сааттарды өткөрүүнү көзөмөлгө алуу (кураторлук ачык сабактарды өтүү);

3.5. Уюштурулган "Мыкты куратор", "Мыкты тайпа", "Мыкты студент" конкурстарына катышуу;

3.6. Студенттердин жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен тарбиялык иштерди жүргүзүү (ата-энелер менен туруктуу байланышта болуу, жатаканада жашаган студенттерден кабар алуу) ;

3.7. Студенттер жана окутуучулар менен биргеликте кайрымдуулук иштерин алып баруу(карылар үйүнө, балдар үйүнө жардам берүү);

3.8. Жыл жыйынтыгы менен "Мыкты тарбиялуу тайпа" номинациясын уюштуруу.

## 4. **Кафедраны кадрлар менен камсыздоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу;**

4.1. Кафедрага өзүнүн тармагын мыкты түшүнгөн, окутуучулук жөндөмү бар адистерди кабыл алуу;

4.2. Кафедрага жаш чыгармачыл бүтүрүүчүлөрдү жумушка кабыл алып "Устат-шакирт" прициптеринин негизинде иш алып барууну калыптандыруу;

4.3. Ар бир предмет боюнча жылына эки жолу лекциялык, семинардык сабактарды өндүрүштөн, ишканалардын атайын адистер келип сабактарды өтүүнү уюштуруу;

4.4. Кызыктуу, актуалдуу темаларды түрдүү тармактын өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөрүп туруу.

## 5. Кафедрада практикаларды уюштуруу иштери.

5.1. II курстар окуу таанышуу практикасына 6 жумага ал эми, III курстар квалификациялык практикасына 6 жумага чыгышат.

5.2. Аталган практикалардын ишканалар менен биргеликте жумушчу программаларын иштеп чыгуу;

5.3. Адистиктер боюнча методикалык колдонмолорду жана көндүмдөрдү кыргыз, орус тилдеринде түзүп чыгуу;

5.4. Студенттердин практикага чыгуусун камсыздөө үчүн шаардагы жана областардагы түрдүү ишканалар менен келишимдерди түзүүгө жетишүү.

5.5. Практикалар башталганда жана аяктаганда алардын жетишкендиктерин жана кемчиликтерин белгилеп жогорку деңгээлдеги конференцияларды уюштуруу;

5.6. Практикадагы ачык- айкындуулукту камсыз кылуу максатында студенттер практикага чыккан ишканасынан кыска видео материалдарды даярдоону ишке ашыруу;

5.7. Практикалардын жыйынтыгында студенттер арасында анкета жүргүзүү жана анын жыйынтыгын чыгаруу;

5.8. Практика мезгилинде тиешелүү жетекчиликтердин студенттерге консультация берүүсүн жана такай көзөмөлгө алуусун ишке ашыруу;

5.9. Студенттерди практикага жайгаштырууда өздөрүнүн активдүүлүгүн көрсөткөн ишканаларга **"Мыкты ишкана"**номинациясын уюштуруу.

## 6. Кафедранын адистикке багыт берүү иштери

6.1. Адистикке багыт берүү иштери боюнча университеттин кабыл алуу комиссиясынын иш пландарын ишке ашыруу;

6.2. Адистиктер боюнча маалымат берүү үчүн шаардык жана областардагы мектептерге экскурция уюштуруу (окутуучулар, бүтүрүүчүлөр менен);

6.3. Кафедранын атайын сайтын ачуу жана аны маалыматтар менен камсыздоо;

6.4. Окуучулар үчүн атайын темаларды семинарларды уюштуруу;

6.5. Кафедранын ишмердүүлүгү жөнүндө аудио видео материалдарды даярдоо.

## 7. Стейкхоллдерлер (ата-энелер, иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр, коомчулук) тыгыз иш алып баруу:

7.1. Адистиктердин НКББПрын түзүүдө Стейкхоллдерлердин (ата-энелер, иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр, коомчулук) (мындан ары кызыктар тараптар) сунуштарын эске алуу;

7.2. "Ата-энелер менен колледжин тыгыз байланышы- учурдун талабы" деген темада конференцияларды жылына уюштуруу;

7.3. Адистиктердин окуу пландарын, жумушчу окуу пландарын, практикалардын графиктерин түзүүдө иш-берүүчүлөрдү чакырып талкуу уюштуруу жана рецензияларды алуу;

7.4. Бүтүрүүчүлөр үчүн анкеталык суроолорду түзүү жана анын жыйынтыгын чыгаруу

7.5. Кызыктар тараптардын берген сунуштарынын негизинде иш-пландарды түзүп иш алып баруу.

## 8. Окутуучулардын жана студенттердин жамааттык сезимдерин калыптандыруу:

8.1. Кафедрадагы окутуучулардын студенттердин руханий тарбия алуусуна шарт түзүү;

8.2. Жамааттардын өз-ара мамилелерин чыңдоосун камсыз кылуу;

8.3. Тараптардын ортосунда "Улууга урмат, кичүүгө ызат" принцибин калыптандыруу;

8.4. Ар кандай ийгиликтер жеке тараптардан эмес, жамааттык аракеттерден жаралуу көз карашын калыптандыруу;

8.5. Кафедра мүчөлөрүнө, студенттерине ар түрдүү жагдайларды бири-бирине моралдык жана материалдык колдоо көрсөтүүгө багыттоо.

*Эскертүү: Бул документтин долбоору 16.11.2018. №2 кафедралык отурумда талкууланып бекитүүгө сунушталды.*

Бухгалтердик эсеп жана салык

кафедрасынын башчысы, ага окутуучу: К. А. Исаков